КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
КЕМИН РАЙОНУ
ЧОҢ-КЕМИН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЧОҢ-КЕМИН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
КЕМИНСКИЙ РАЙОН
ЧОН-КЕМИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЧОН-КЕМИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2026-жыл 17-март № 01/02-15 Шабдан айылы

**Шабдан айылындагы С. Данияров көчөсүндө жайгашкан бош жаткан 1,20 га жер тилкесин (окуу жайды жатаканасы менен курууга) муниципалдык менчикке алуу жана бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 19, 21-беренелерин, «Муниципалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5, 11 жана 14-беренелерин, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27 жана 34-беренелерин жетекчиликке алып, Шабдан айылындагы бош жаткан жерлерди иретке келтирүү, аймактын социалдык-экономикалык жана билим берүү инфраструктурасын өнүктүрүү, ошондой эле билим берүү мекемесин (окуу жайды жатаканасы менен) куруу үчүн жер тилкесинин укуктук макамын аныктоо жана мамлекеттик каттоодон өткөрүү максатында, Чоң-Кемин айылдык кеңеши

## Токтом кылат:

1.Шабдан айылына караштуу С.Данияров көчөсүндө жайгашкан, эски кырмандын чыгыш тарабындагы жалпы аянты 1,20 гектарды түзгөн бош жаткан жер тилкеси окуу жайды жатаканасы менен куруу максатында Чоң-Кемин айыл аймагынын муниципалдык менчиги болуп бекитилсин жана таанылсын.
2.Ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн 1,20 га жер тилкеси Чоң-Кемин айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчик объектилеринин жана жерлеринин реестрине (тизмесине) киргизилсин.
3. Чоң-Кемин айыл өкмөтүнүн башчысына:
--Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр,геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы Кемин филиалына кайрылып, аталган 1,20 га жер тилкесине Чоң-Кемин айыл аймагынын муниципалдык менчик укугу жөнүндө Мамлекеттик актыны (Кызыл китепти) алуу жана каттоо иштерин жүргүзүү тапшырылсын.
4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер маселелери боюнча комиссиянын башчысына жүктөлсүн.

**Төрага А.Едилов**